Кырг
83.8
М34

Марлэн Матназаров

# БУГУНУН МҮЙҮЗҮ



корг
83.8
М34

Марлэн Матназаров

# БУГУНУН МҮЙҮЗҮ



сүрөтчү

Светлана Насынбатова

Бишкек 2023

УДК 821.51-93
ББК 83.84
М 34

М 34 **Матназаров Марлэн**
**Бугунун мүйүзү** / сүрөтчү Светлана Насынбатова.
– Б.: «Имак Офсет». 2023. – 12 б.

ISBN 978-9967-33-320-8

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0
Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

BY

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б.А. Абдухамидова, К.Р. Акматова, Н.Т. Кабылбаева, Ж.А. Каримова, А.Ж. Муратов, Р.К. Султангазиева, А.Д. Токтомаметов, Б.Б.Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.


ISBN 978-9967-33-320-8

УДК 821.51-93
ББК 83.84

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 35282

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

Жай мезгили. Тоо боорундагы арча, карагайлуу токойдо жалгыз терезелүү жыгач үй бар. Ал үйдө Мелис аттуу токойчу жашайт. Мелис – бою узун, кең далылуу киши. Ал токойду күнү-түнү мыйзамсыз аңчылыкта жүргөн мергенчилерден, арча, карагайларды уруксатсыз кыюуга келгендерден коруйт.





Мелис бүгүн да адаттагыдай эле желкесине мылтыгын асынып, токойду кыдырып келүү үчүн чыкты. Токой аралап баратып, карагайдын түбүнөн бугунун мүйүзүн таап алды. Мелис мүйүздү алып, жолун улады.

Бир кезде анын алдынан бейтааныш адамдар чыга калды. Алардын бири минтип сурады:

– Саламатсызбы, сиз ким болосуз?

– Мен ушул токойду караган токойчумун. Атым – Мелис. А силер кимсиңер?

– Жаратылышты сүрөткө тарткан фотографтарбыз. Саякатчылар десеңиз да болот. Кызык, өзүңүз эмнеге бугунун мүйүзүн көтөрүп жүрөсүз? Асынганыңыз мылтык. Токойчуга такыр окшошпойсуз. Сиз мергенчи элесиз го?






Токойчу жылмайып:

– Бул токойдо жалгыз жашаганыма байланыштуу өзүмдү коргоо үчүн ар дайым мылтык алып жүрөм. Ал эми колумдагыдай мүйүздөр үйүмдө дагы бар.

Алар токойчуга ишенбегендей карашты. Арасынан бирөө:

– Кантип эле? Сиз эмне, тамашалап жатасызбы? Бугу Кызыл китепке кирген жаныбар экенин билесизби? Өзүңүз токойчу болуп туруп, анан аларга аңчылык кылганыңызга түшүнө албай турам, – деди.





Токойчу:

– Сиздер менин үйүмө жүрүңүздөр. Ысык чайдан ичкенче бугунун мүйүзү тууралуу сүйлөшөлү.

– И-и, макул, барсак баралы, – деп токойчунун артынан түшүштү.

Үйдүн төрт тарабында тең илинип турган бугулардын мүйүзүн көрүп, алар ого бетер таң калды.



Мелис аларга самоордон ысык чай демдеп, сөзүн баштады:

– Булар – бугунун мүйүздөрү. Бугулар – эркеги. Ал эми ургаачысы – марал, алардын мүйүзү болбойт. Бугунун мүйүзүн дайыма арча, карагайлардын астынан таап алып, үйгө алып келип коём.

Саякатчылар ичип жаткан чайларын коё калышып:

– Кандайча? Эмнеге мүйүздөр дарактардын түбүнөн табылат?

– Бугулардын мүйүзү жыл сайын жаңыланып турат. Алар карагайга сөйкөнүп, түбүнөн бошоп калган мүйүздөрүн түшүрүп кетишет.

– Кызык го, анда бугулардын мүйүздөрүнүн түшүүсү табигый көрүнүш экен да?

– Ооба, өзү түшкөн мүйүздүн баш жагы тегиз болбойт.





Алардын бири:

– Бугулар токойду аралап жүргөндө, аркайган мүйүздөрү бутактарга илине берет го?

Токойчу жайбаракат жооп берди:

– Жок, аларга мүйүздөрү эч качан кедерги болбойт, тескерисинче,токой аралаганда жолду ачып берет.



Саякатчылар анын сөздөрүн кызыгып угушту. Бугунун мүйүздөрүн сүрөткө тартып алышты. Токойчунун ысык чайына ыраазычылык билдирип, жолун улашты.

22с
РБДЮ
35282 б/ф
РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 35282 Пр

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
**Марлэн Матназаров**

*Сүрөтчү*
**Светлана Насынбатова**

Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли

ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233
Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А
imakofset.kg